# Кочкор райондук ички иштер бөлүмү

## БИИнин инспектору милициянын капитаны Шаршенбеков Аязбектин

## Ш. Рысмендеев атындагы орто мектеби менен биргеликте өткөрүлүүчү лекция, токтомдордун топтому

Кара-Суу айылы

Сканировано с CamScanner

Шанак Рысмендеев атындагы орто мектебинде түзүлгөн ишеним үкөгүн ачуудагы

## Справкасы

**2022-жыл 10-октябрь**

Бүгүн 10-октябрь ишеним үкөгүн ачтык. Тиешелүү комиссиялардын катышуусунда жазылган каттарды окудук.Каттарда жазылган арыздар бир беткей.Негизинен окуучулар арасында пикир келишпестиктер 7-класстар арасында болгон.Эркек балдардын кыздарга болгон орой мамилеси, сөгүнгөн учурлар кездешет.Мындан сырткары мугалимдерге дагы сын пикир айтылган каттар да бар.Жогоруда жазылган каттарга жооп кылып администрация тарабынан чара көрүп коюларын өтүнүшкөн.Жазылган каттарды окуп чыгып окуучулар менен сүйлөштүк, түшүнүк жаздырып алдык. Мугалимдер менен сүйлөштүк.Жыйынтык чыгардык.Мааниси жок каттар да кездешти.

Мектеп директору: Бообек уулу Б

ОББ: Кожокематов Б

ТИУ: Батталов У

Соц.педагог: Ч.Көкүмбаева

Президент: Жакыпбеков К

Сканировано с CamScanner

**Шапак Рысмендеев атындагы орто мектебинде уюштурган ишеним үкөктүү ачуу боюнча маалымат**

Ишеним үкөктү ачууда комиссиялар менен бирдикте 18-февралда 2023-жылы ачтык.Каттарды окудук. Ар кандай мазмунда каттар жазылган.Бири-бирине тамаша иретинде сын пикирлер, сунуштар жазылыптыр.Окуучулардын тентектиги, кыздарды көзго илбей сөгүнгөнү тууралуу жазылыптыр. Жалпысынан андай чектен чыккан тартип бузуулар жазылбаптыр. Жогоруда жазылган каттарга жооп кылып о учулар менен түшүндүрүү иштерин жүргүздүк.

**Үкөк ачууга катышкандар:**

**ТИУ:** Батталов У.

**Соц педагог:** Кокүмбаева Ч.

**БӨУ жетекчиси:** Кадыров К.

**Кыздар советинин торайымы:** Джумабекова

**Мектеп президенти:** Аралбек уулу Т.

Сканировано с CamScanner

**Шапак Рысмендеев атындагы орто мектебинде уюштулган анонимдүү үкөктүү ачуу боюнча маалымат**

Ишеним үкөктү ачууда комиссиялар менен бирдикте 27-март 2023-жылы ачтык. Каттарды окудук. Ар кандай мазмунда катар жазылган. Эркек балдар арасында пикир келишпестиктер тууралуу билдирүүлөр жазылыптыр. Бул билдирүүлөр боюнча, БӨУнүн курамы менен бирдикте тартипке чакырылды. Жалпысынан андай чектен чыккан тартип бузуулар жазылбаптыр. Жогоруда жазылган каттарга жооп кылып окуучулар менен биргеликте түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.

**Үкөк ачууга катышкандар:**

| | |
|---|---|
| **ТИУ:** | **Батталов У.** |
| **Соц пеагог:** | **Кокумбаева Ч.** |
| **БӨУ жетекчиси:** | **Кадыров К.** |
| **Кыздар советинин төрайымы:** | **Джумабекова З.** |
| **Профсоюз:** | **Молдогаазиева М.** |

Сканировано с CamScanner

**Ш Рысмендеев атындагы орто мектебинде окуучулар арасында тартипти сактоо , кылымыштуулукту , алдын алуу , зордук- зомбулукту болтурбоо жана суицид боюнча откорулгон иш чарага**

## МАЛЫМАТ

Шапак Рысмендеев атындагы орто мектебинин директоруБообек уулу Болот жана РИИБдин балдар , осүрүмдор менен иш алып баруу уюмунун инспектору Шаршенбеков Аязбек болуп, откорду.

Максаты: Окуучулар арасында тартипти сактоо , кылымыштуулукту , алдын алуу , зордук- зомбулукту болтурбоо жана суицид боюнча кенен лекция окуду. Окуучулар менен пикир алмаштыжана зордук зомбулукка кабылсанар 102,111 ишеним номуруна кабар бергиле, ТИУ Батталов Урматбек оз оюн айтты. Окуучулар арасында чектен чыккан тентек окуучулар жок. Окуучулар арасында жогоруда айтылгандар боюнча иш алып барып жатабыз. -деди. Чогулушка мектеп окуучулары жана мугалимдер катышкан.

ТИУ Батталов У

Сканировано с CamScanner

**Шапак Рысмендеев атындагы орто мектебинде Кочкор районундагы ички иштер болумунун кызматкерлериБШнын капитаны А Шаршенбеков жана Кочкор районунун баш имамы Арзымкожоев Жеңишбек болуп биргеликте откоргон чогулуш тууралуу маалымат.**

«10» 02 2023-жыл.

Милициянын капитаны Шаршенбеков Аябек маалымат каттар алууга окуучулар алуу боюнча түшүндүрмө берди Бишкек шаарындагы балдардын мушташы жонундо маалымат берди. Анда 1 окуучу осүрүм олүп, Ата-энелери сыздап калышты. 11-класстар силер жакшы жүрсоңор силерге башкалар түздолот. 8-9-10-класстар улууларды сыйлайсыңар. Назар салсаңар. кысым корсотсоңор кийин силердин кичи бир туугандарыңардын башына түшот. Кечкисин эшикке чыкпагыла. Ичкен адамдарга жабышпай калаcыңар. Мугалимдердин, улуу кишилердин тилдерин уккула. Окуу куралдарды толук алып келгиле. 8-9-класстар кылмышка барбагыла. Уурулукка барбагыла. Биробунун мүлкүн тартып алуу, тоноо үчүн 8 жыл эркинен ажыратылат. 167 статья урун сабоо. 102 денеге жаракат алып келүү. 104. 105-статья атайын урун сабоо 14 жаштан оштон кылмыш жообуна тартылат. Менин айткандарым эскертүү. кийин кеч болуп калбаңар калып жүрүүдө Силер ата-энелериңердин сыймыгысыңар. Жаман болсоңор ата-эненин кайгысысыңар. Ал үчүн жакшы жүргүло. Силерден жакшы адамдар чыксын. Билим алгыла. Силер мекенди коргойсуңар. МЖД конкурсуна катышкан окуучуларга ыраазычылык билдиребиз. Дагы пайдалуу кеңештерин айтты.

Кочкор райондук баш имам Арзымкожоев Жеңишбек окуучуларды ыймандуулукка чакырып тартиптүү, түз жүрүү боюнча акыл-насаатын айтып, хадистерден мисал келтирип жана бүтүрүүчүлорго ак жол каалады.

Жыйынтыктоо создү ТИУ У Батталов сүйлодү. Ал мектепте чектен чыгып аныкталган тартипсиз окуучулар жокко эсе. Кээде пикир келишпестиктер болот. Аларды озүбүз тартипке чакырып турабыз. Райондук, аймактык иш-чараларга, спорттук мелдештерге катышып турабыз деди. Тартиптүү болуп, жакшы илим-билим алып, кыргыздын мыкты инсандарынан болгула деп создүн жыйынтыктады.

**ТИУ:** **У Батталов**

Сканировано с CamScanner

**Шапак Рысмендеев атындагы орто мектебинде окуучуларды кумар оюндары боюнча өтүлгөн иш-чаранын**

## Маалыматы

Өткөрүлгөн иш-чаранын маалыматы

Окуучулар арасында 15-декабрда төмөндөгү кумар оюндары жөнүндө абж, фрифаер, Амонгаз, Фифа, ПЕС, ) жана башка кумар оюндарын алдын уу максатында жалпы линейка өткөрүлдү, иш-план түзүлдү, класстык аттарга бекитилди. Интернеттин пайдасы жана зыяны деген темада -класстын окуучулары ата-энелери менен бирдикте тегерек стол көрүлдү. 5-11-класстар арасында кумар оюндары боюнча түшүндүрүү итери жүргүзүлүп класстык сааттар өткөрүлдү.

Кумар оюндары боюнча зыяндуулугу слайддар көрсөтүлдү.

ИУ: Батталов У.

Сканировано с CamScanner

**«Бекитемин»**
**Мектеп директору: ______ Бообек уулу Б**
**«_U_» ______ 2021-жыл**

*Кыргыз Республикасынын 2021-2022-жыл ичинде билим берүү мекемелериндеги окуучулар арасындагы укук бузууларды алдын алуу боюнча «Милициянын жаш жардамчысы» отряддынын Шапак Рысмендеев атындагы орто мектебинде түзүлгөн иш чарасы*

| *Аткарылуучу иштин мазмуну* | *Мөөнөтү* | *Ким аткарат* | *Аткарыл-гандыгы жөнүндө белги* |
|---|---|---|---|
| «Милициянын жаш жардамчысы» отряддын түзүү | Сентябрь | У. Батталов | |
| «Милициянын жаш жардамчысы» отряддынын бурчун уюштуруу | сентябрь | У. Батталов | |
| 8-9-10-11-класстарда сергек жашоо образы, баңгичиликти, аракечтикти, таксоманияны насвайды жана тамеки чегүүнү алдын алуу боюнча аңгемелешүү жана лекцияларды окуу. Видеоролик көргөзүү | Чейрек сайын | ТИУ, 8-9-10-11 кл.класс жетекчилери | |
| Кылмыштуулукту алдын алуу, зордук-зомбулукту болтурбоо үчүн иш-чараларды жүргүзүү | Чейрек сайын | 1-11-класстар ТИУ, класс жетекчилер, соц пед. | |
| «Аскердик-патриоттук» деген аталыштагы стен газеталарды чыгаруу | Даталуу күндөрдө | ТИУ, БӨУ, кл.жетекчилер | |
| Патриоттук ырлардын конкурсун өткөрүү | Даталуу күндөрдө | ТИУ | |
| Спорттук мелдештерди өткөрүү. Мелдештерге катышуу. МЖЖ конкурска катышуу | Белгиленге н убакта | ТИУ ,дене тарбия муг. | |
| 8-9-10-11-класстар арасында диний экстремизмдин жайылышын алдын алуу боюнча аңгемелешүү.Суицид тууралуу түшүндүрүү | Ай сайын | ТИУ | |
| Окуучулар жана ата-энелери менен жыйналыш өткөрүү. | Чейрек сайын | ТИУ, кл.жетекчилер | |
| «Милициянын жаш жардамчысы» отряддынын мүчөлөрү жана коопсуздук кызматкери менен бирдикте рейд жүргүзүү:<br>А)Окууну себепсиз калтыргандар<br>В)спирт ичимдигин ичкен фактылары<br>С)тамеки, назвай тарткан фактылары | Жыл бою | ТИУ, «Милициянын жаш жардамчысы» отряддынын мүчөлөрү | |
| Рекетчиликтин алдын алуу жана зордук-зомбулук боюнча лекцияларды окуу | Белгиленге н убакта | ТИУ, БӨУ, | |
| Отуруш, экскурсия ,туулган күн тосууларга каршы түшүндүрүү иштерин жүргүзүү жана рейд. Окуучуларды кафелерге шитоого тыюу салуу | Чейрек сайын | ТИУ, БӨУ, кл.жетекчилер | |

***ТИУ:*** ______ ***У. Батталов***

Сканировано с CamScanner